УДК 9 (с54)

Бийлибаев К.
*Кыргыз агрардык университети*

# БЕРДИКЕ БААТЫРДЫН КЫРГЫЗ ЖЕРГЕСИН ЖУНГАР БАСКЫНЧЫЛАРЫНАН БОШОТУУДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаев 2012-жылдын 27-январында "Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө" Указга кол койгон. Анда: "Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүү боюнча мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомдун системалуу иши элдин биримдигин чыңдоого жана мамлекеттүүлүктү өнүктүрөөгө олуттуу салым кошо алат. Ал экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү, жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу жана коррупцияга каршы күрөшүү боюнча көтөрүлүп жаткан чаралардын комплексинде заманбап коомду жана гүлдөп-өнүккөн өлкөнү курууга, жарандык атуулдукту жана өлкө үчүн сыймыктануу сезимин калыптандырууга тийиш" – деп баса белгилеген [1].

Тарыхый жана маданий мурастарды окуп үйрөнүүдө өткөн ата-бабаларыбыз Ата Мекен үчүн кандай эрдиктерди жасаганын келечек муундар мурас катары карап, улуттук-боштондук үчүн күрөшкөн тарыхый инсандарыбызды дагы тереңирээк таануусу абзел. Кыргыздын тарыхындагы эң кыйын кезең заман XVII к. 1640-жылдарынан тарта, XVIII к. 1759-жылдар аралыгы. Бул мезгилде ойрот мамлекети күчөп, ички түзүлүшү боюнча кубаттуу: хошоттор, дэрбэттер, хойот, чорос [2] деген төрт урууну бириктирген жана 1643-ж. Иле дарыясынан тарта күн батышты көздөй жортуулга чыгып, алатоолук кыргыздардын жерин басып алган [3]. Түндүк кыргыздары акырындап түштүктү көздөй сүрүлүп, Гисар, Көлөпкө чейин баш калкалап барышкан. Кыргыз, казак жерлерин басып алган ойрот-жунгар (калмак) кандарынын ич ара келишпөөчүлүк чыр-чатактары ырбаган мезгилде кыргыз, казак, өзбектердин биргелешкен күрөшү күч алган. Аркалык кыргыздар ойрот-жунгарлардын (калмактар) алгачкы баскынчылык кезинде Анжиян, Алай, Фергана тараптагы кыргыздар менен биригип, кыйың кезеңде бири-бирине жардам берген.

Кокон, Самаркан, Кожен, Маргалаң, Анжиян, Ташкен, Сайрам, Чынабат, Талас, Чүй, Кемин, Кочкор жерлери менен Көл аймагын кылымдап ээлип келген баскынчылардан бошотууда, анын ичинде кыргыз элин азаттыкка чыгарууда, кыргыз баатырларынын уюштуруучулук саясаты зор роль ойногон.

Алардын бири – көрүнүктүү аскер жетекчиси Бердике баатыр. Ал 1716-ж. Таластын Коөн-Токой деген жеринде төрөлүп, жашоосу жоокерчилик убактын азаптуу турмушуна туш келет. Эр жетип, элинин керегине жараган убагында, ага эрендик намысы тынчтык бербей, эл, жерин азаттыкка чыгаруу үчүн күрөшкө аттанган. «Баатырдын аялы тул калат» демекчи, Бердике баатыр каатчылык заманда жер кесеп жүрүп, ар жерден үйлөнгөн беш никеден 10 уулдуу болгон. Уулдары да эрезеге жетип, кыргыз, калмак чабыштарына катышкан. Анын үч никесинен 6 уулу: Кубат, Жарке, Жаныбек, Тойчубек, Сатыбек, Жабагы, Чаңгыл, Андабектин урпактары Талас жергесинде, Ысык-Көлдө үч жыл каган

бийлигин жүргүзүп тургандагы никесинен Сатыбегинин урпактары Жети-Өгүздүн Саруу айылында, Анжияндагы Улук катын аялынан Кунанбийдин урпактары Ош облусунун Ноокат районунун Жаркоргон айылы менен Араван районунун Кызырабад, Кызыл коргон айылдарында жашап келүүдө.

Ал ат жалын тартып минген күндөн тарта, жашоо тагдыры ойрот-жунгар баскынчылык дооруна туура келди. Элин, жерин азаттыкка чыгарам деп, улуттун намысын өзүнөн бийик коюп, өмүрүн бүтүндөй элинин кызыкчылыгына арнаган. Ойрот чапкыны күчөгөн 1740-1745-жж. Бердике да эли-журту менен сүрүлгөн. 1756-1758-жж. Анжиянга экинчи ирет кайтып барып, душман менен кармашы жашоосунун, азаптуу турмушунун мезгилиндеги тагдыр баянынан кабар берет.

Кыргыз элинин балага ат коюудагы улуу философиясынын ырым-жырымы Бердикеге мүнөздүү. Атасы Сырдыбайдын үйүрүндө аталаш агасы Боруке бийдин сүттүү, минги бир чоң тору бээси кулун тууса, тукуму кийин күлүк чыккан. Тубар кезинде үйүрүнөн бөлүнүп, Сырдыбайдын үйүнүн жанына каракер кашка кулун тууйт. Сырдыбайдын аялынын ай-күнү жетип, толгоосу кармап, бээге удаалаш көз жарып, персенттүү болот. Ошондо Боруке бий: «Сырдыбайдын аялы менен бээси бир учурда аман-эсен көз жарды. Бул-кудайдын улуу күнүндө төрөлгөндөр, кудайдын бизге бергени, жакшылыктын ишаараты. Айыл ортосу аял эркек дебей Сыйнат келин, Сыйнат жеңе эркек төрөсө экен, баатыр төрөсө экен деп, кудайдан суранганыбызды, тилегенибизди берди. Бергенде да улуу күнү «ме» деп берди, биз «ке» деп алдык, уулубуз баатыр болот. Ошентип, ымыркай ысмы берген менен алгандан бүткөн Бердике болсун, - деди”[1]. Эр жетип, эрен болгондо, каракер кашка кулуну кийин анын жоого көп жылдар бою минген тулпары болгон. Бердике кичинесинен тарта оор турмуш башына түшүп, калмактардын эзүүсү көңүлүнө көк таштай тиет. Жунгарларга каршы кыймыл алгач 1732-жылы Кубат бий башында турган кыргыздардын көтөрүлүшү Сакалды деген жерден башталып, бара–бара чоң аймактык деңгээлге жетип, Кетмен-Төбө өрөөнүн камтыган. Аркалык кыргыздардын өзүнчө уюшулган жоон тобу Эр Солтоной башында турган Итим, Бердике, Болоткан, Атаке, Сатыкей, Садыр, Жайыл, Ныша, Кошой баатырлар, Анжиян баштап түндүк тарапты көздөй бет алышкан. Эр Солтоной башында турган жоокерлердин калмактар менен кармашы 1848-жылы түштүктөн башталып, Анжиян, Ташкен, Сайрам, Чынабат, Талас, Чүй, Кочкор, Көл жергелери баскынчылардан бошотулган.

Бердике Кубат бий, Эр Солтонойдун колунда катардагы жасак болуп жүрүп, баатыр катары эрөөлдөн таанылган. Калмактын ат көтөрө алгыс Доргул баатыры менен биринчи беттешүүдө эч кими жеңишке жетпей, калмактардын эрөөлдө алгач мизи кайтарылган учур болгон. Экинчи жолу «Бердике баатыр Чүйдүн Он бир жылгасынан Доргулдун конушунан анын кишичил буурасынын башын кылыч менен кыя чаап, ак чатырында кыркатка катуу тойгон Доргул мас болуп жатканында: «Кыргызга кылбаганың жок, ажалың жеткен экен», - деп жаткан

[1] Адылбек Корчубеков 1926-ж. Талас обласынын, Талас районунун Козучак айылында туулган. Көп жылдар бою Ички иштер кызматында кызмат өтөгөн. 1962-1975-ж. Ысык-Көл обласында Ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орун басары, начальниги болуп иштеп, 1995-ж. ардактуу эс алууга чыккан. Пенсияга чыккандан кийин коомдук иштерди аркалайт. 1995-ж. «Бердике Ата» коомдук уюмун түптөгөн. Анын Бердике баатыр жөнүндө кол жазмалар жыйнагында, «баатырдын Көл жергесинде 3 жыл кан болгон деген санжыраны» Көлдүн Караколунда иштеп турган кезинде эл оозунан жыйнаган.

жеринде карынын кылыч менен жара чаап таштайт» [4]. Бөлөк баатырлардай эле, кыргыз намысы деп 47 жолу эрөөлгө чыгып, бардыгы тең анын жеңиши менен аяктаган. Учурунда аны барктай да, баалай да билген үзөңгүлөштөрү: Эр Солтоной, Итим, Шабек, Кыйыр, Каратал, Темиркан, Атаке, Жайыл, Болоткан баатырлар болушкан.

Калмактар басып турган убакта, "Каратал карыягаТүлөматкандын башын, таажысын, ченин беришти. Ошол убакта калмактын Түлөматканы жок, Жедигерканга эли моюнсунбай, айтканына көнбөй ар кимиси алды-алдынан кетип жатат…» [5].

Заманында душмандын запкысынан бошонуп, азаттыкка чыккан эл өз баатырларын баалап-барктаган жана кыргыз элинин кайгысын, кубанычын оозеки чыгармаларында чагылдырылган. «Эр Солтоной»[2] эпосунун негизги мазмуну XVIII к. кыргыз-калмак чабышындагы тарыхый окуяларды баатырлардын эрдиктерин даңазалоого арнаган.

Калмак (жунгар) чабышында: Анжиан, Ташкен, Сайрам, Чынабат, Талас, Кунан, Мерке, Чүй, Кочкор, Көл жергелери акырындап бошотулган. Бердике баатыр Эр Солтонойдун дайындоосу менен 10 000 аскерге түмөн башы болуп турган убакта (1752-1755-жж.), Көл кылаасы калмактардан толук бошотулган. Көл жергесинде жашаганын, тарыхый хронология жактан да окумуштуулардын эмгектери жокко чыгарбайт. Орустун улуу окумуштуусу Н.А.Аристов: «По третьему преданию, слышанному на Иссык-Куле, кыргызы под предводительством своего батыра Берека (Бердике) ушли из своих мест на Иссык-Куле в Фергану во время правления Кун-таджи; проживали они в окрестностях Андижана до тех пор, пока, три-четыре поколения тому назад, не привел их обратно на Иссык-Куль Бирназар-батыр» [6].

2009-жылы Көл жергесинен Бердике баатыр жөнүндө маалымат издеп жүргөнүмдө белгилүү окумуштуу Ү.Асаналиев: "Атайы Таластан келип, тарыхта изи калганы менен унут калып, толук жазылбай кеткендерин кайрадан тактап жүргөнүңдүн өзү-бул сенин кийинки эмгектериңдин зор үзүрү. Илимий тарых булактарында, Бердике баатырдын Көл жергесин калмактардан бошоткондугу жөнүндө тарыхтын чындыгы, кийин убагы келгенде актуалдуу маселеге айланат[3]"– десе, санжыра иликтөөчү Киров-Жээналы Султанов: "Бердике баатыр Көл кылаасын калмактардан бошоткондо 1752-1755 жж. аралыгында Ак-Теректин Биркулак деген жеринде кан бийлигин жүргүзгөн"[4]. "Бердике баатыр жөнүндө Көл жериндеги тарыхый маалыматтар, 2009, 2010-жж. "Назар", "Көк Асаба" гезиттери, Көлдө, Чүйдө,Таласта, Ош областарында урпактарынын жашап

---

[2] Сүйөркул Абдрахманов, 1898-ж. Талас облусунун, Талас районунун Манас айылында туулган. Анын ыр жазууга болгон дарамети 1930-ж. башталып, анын жазган ырлары райондук жана областык гезит беттерине жарыялана баштаган. Сүйөркулдун ыр жазуусу элдин оозеки поэмасына тереӊ тааныштыгы, анын «Эр Солтоной» эпосунун көркөмдүк деңгээлин жогору көтөрө алган.

[3]Үсөнбек Асаналиев, 1932-жылдын 14-августунда Жети- гүз районунун Дархан айылында төрөлгөн. Филология илиминин доктору, кыргыз тил илиминдеги алтаистика боюнча Кыргызстанда жазылган алгачкы саамалыктын ээси. 2005-жылдан бери К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун кыргыз тили кафедрасынын профессору.

[4] Киров – Жээналы Султанов, 1935-ж., 13-февралда Көлдүн Саруу айылында туулган. Кесиби врач-хирург, «Саруу айылынын санжырасы», «Мунжат» деген китептердин автору. Көптөгөн оозеки санжыраларды жыйнап, кол жазмаларын калтырган.

тургандарынын жазылганын өзү далил" [5]- дешет.

Көл айланасындагы калмактар өзүлөрүнчө бийлик талашып, ыркы кетип турган убакта кыргыздар чабуул коюп, калмактар бет алдынча качкан. "Галдан-Цэрэндин уулу Цэван-Доржи (1745-1750) башкарган; ал өзүнүн бир тууганы Лама-Дорчжи тарабынан өлтүрүлгөн. Мындан кийин калмактар мамлекетинде коогалаңдар башталганда, ал мезгилде Галдан-Цэрэндин жээни Амурсана жогорулаган. Ал казактардын жардамы менен Эмилдин жээктерин жана жогорку Иртышты ээлеген жана 1754-ж. кытайларга өтүп, алардан өз душмандарына каршы жардам сураган" [7]. Бердике 1752-1756-жылдар аралыгында Чүй, Талас, Кочкор, Көл өрөөндөрүн калмактардан бошотууда түмөн башы болгон. Киров-Жээналы Султановдун эл оозунан жыйнаган маалыматтары боюнча, Бердике, Атаке, Темир, Сатыбалды-Кашка баатырлардын калмактарга каршы катуу чабышынан эки тараптын бир канчалаган жоокерлери курман болгон, Кошкулак, Биркулакка[6] жакын Кыргоонун оозуна сөөктөрү коюлган. Союздун тушунда Чычкандын четинен жер алгандар "дача" салганга аракет кылышып, жерлер бериле баштаганда, уруксат кагаздар менен чечимдер колдорго тийип "дачаларды" салуу калган. Топуракты алыстан тартпай, Биркулактын дөңсөсүнөн ташыла баштаганда, чычкандык карыя Шамбетов Асанкадыр[7]: "Там салабыз деп камданып калыпсыңар, баатырлар, тиги турган дөңдөн топурак алчу болбогула! Бердике баатырдын жоону чапкан жасактарынын коюлган бейиттери. Бул жерде далай эрлер "эл, жер" дешип жанын беришкен. Ошондогу шейит кетип, курман болгон жасактарынын сөөктөрү тынч жатсын. Учурунда кан Бердике курман болгондорду дал ушул жерге койдурткан. Бул жер-ыйык жер, там үчүн топурак алууга болбойт. Ак-Терек айылынын үстүндөгү Кескен-Дөбөдө[8] (XVII-XVIII к.) калмактардын коргонгон тарыхый кан ордосунун жайын барып көргүлө" - дейт. Кескен-Дөбө калмактардын кан–казына, ороо кампасы катары кызмат кылып келсе, азыркы учурда тарыхта болуп өткөн окуялардын далили бойдон сакталып калган. Кампа орго түшүүчү тегерете оюлган 11 ороо тешиктеринин тереңдиги 30 метр. Кыргыздар жунгар кандыгын чапкан кезде аябагандай катуу кан төгүү болуп, кармашта курман болгондорду кыргыз, калмак жасактарынын сөөгүн атайы чогуу бир жерге койдурткан. Кыргоонун дөмпөйгөн мүрзөлөрүндөгү адам сөөктөрү ошол кандуу окуядан кабар берет. Бердике, Атаке, Болот, Сатыбалды-Кашка баш болгон баатырлар жунгар баскынчылардан көл жергесин бошоткон кезде, түмөндөгөн жасактар катышкан. "Көл айланасын кыргыз колу калмактардан бошоткон кезде, Биркулакта кыргыз баатырлары ак боз бээни курман чалышып: Бердикени "кан" көтөрүшүп, ал конушту "кан ордо конушу

---

[5]Бактыгүл Абдубалиева, 1972-ж. Ысык-Көл обласынын Түп районунун Көөчү айылында төрөлгөн. Филология илимдеринин кандидаты, эл агартуунун отличниги. К.Тыныстанов атындагы ЫМУ Кыргыз адабияты жана журналистика кафедрасынын ага окутуучусу.

[6]Кыргоонун оозундагы Кош кулак, Бир кулакта Бердике баатырдын "кан ордо" конушу бар. Бердике баатыр Көл аймагын бошоткондо, Атаке, Болот, Сатыбалды Кашка баатырлар бир ак бээни союшуп, Бердикени кан көтөрүшөт. "Бердике Көл калаасында үч жыл кан болуп турган" – деген Киров-Жээналы Султановдун көл жеринен жыйнаган кол жазма эмгектеринен.

[7] Шамбетов Асанкадыр 1932-ж. Жети–Өгүздүн районунун Ак-Терек айылында туулган. Өмүр бою аты аталган чарбада малчы, жылкычы болуп эмгектенген. Элдик оозеки санжыра, тарыхты жатка айткан сөзмөрлүк жагынан элге кеңири таанымал болгон.

[8]Кескен-Дөбө - Ак-Терек айылынын түштүгүрөөк жагында жайланышкан бийик дөң. Кескен-Дөбөнү убагында калмактар "кароол дөбө" катары жана жер, кан кампа катары - алтын, күмүш, жез, эгин, курал-жарак жана башка байлыктарды жашыруун сактаган.

болсун" деп, атайы он эки канат боз үй көтөрүшөт. "Баатыр жоонун артында жүрсө аялдары тул калды" дешип, көлдүк Чачыкей деген кызга нике кыйдырат. Андан тараган Сатыбек деген уулунун урпактары Саруу айылында жашап келүүдө.

"1752-1755–жылдары Көл аймагын калмактардан бошотууда Бердике менен Атаке, Болот баатырлардын бириккен колдору кандуу кармашта, Ак-Теректе кылымдап түптөлүп калган жунгарлардын кандыгынын кан ордосун талкалашат. Ушул жылдар аралыгында көл тарап баскынчылардын эзүүсүнөн бошогон"[9].

Ош обласынын Карасуу, Араван, Ноокат, Алай райондорунун алыскы жайлоолордо - Чөгөм, Турук, Каракол, Кожо келең, Жол чырак, Калдырама, Загыра Кырк жигит, Кашка суу, Калде мазар, Байпак мазар, Кыз мазар, Чалкуйрук жерлеринде болгон окуялардын сырлары эл оозунда жашап, айтылып кала бергендери тарыхтын окуяларынан кабар берет. Кашгар менен Алай чектеш болгондуктан, окуялардын көптөрү ушул аралыкта өтүп, ошо кездеги жер аттары үйүлгөн таш-корумдар курман болгон баатырларды жоктобой, жергиликтүү элдердин ушу кезге чейин айтымдарында уланып, улуу тарыхый окуяларынан кабар берет. "Кыргыздар менен ойрот-жунгарлардын чабышында Анжиян тараптан кыргыздардын көптөгөн колдору келип, Чөгөм жеринде айыгышкан катуу чабыш болуп, кыргыздар чоң жеңишке жетишет. Калың мүрзөлөр ошол кезде пайда болгон экен, кийинки кошулгандары да бар"[10]. Алай тоолорунун арасындагы Чөгөм, Турук, Кумбел, Акталаа, Каракур, Кожокелең, Чалкуйрук, Жолчырак, Каракол, Кашка суу жерлерин калмактар доорунда ээлик кылынып алынса, Бердике баатырдын мезгилинде калмактардын эзүүсүнөн биротоло куткарылып, бул жерлерге кыргыздарды кайрадан отурукташтырат. Ошо күндөн тарта бул жерлерде элдер жашап келет.

Таластык санжырачы Эсенбай Мамбет уулу: "Бердике баатырдын Анжияндан алган катынынан урпактары бар. Анжияндан алган аялы Улук катын Чөгөм деген жерде уул төрөп, андан калган урпактары ал жакта туруп калат[11]". Бердике баатырдын Улук катынан аялынан төрөлгөн уулу Кунан бийдин урпактары Ноокат районунун Жар-Коргон айылы менен Аравандын Кызырабад, Кызыл-Коргон айылындарында ушу кезде да жашап, иштеп келет. "XVIII кылымдагы кыргыз, калмак чабышы тоо арасында жүрүп, кыргыз жерлерине "ээлик кылам" деген калмактар, кыргыздардан кандайча чабылганы, ошол

[9]1755-жылы баатыр кыргыздарга каршы уюшулган жаңжалын басууга Анжиянга кеткени жөнүндө: "Бердике берен Сырдыбай уулу үч жыл көл боюнда кан болуп туруп, "Кан Бердике" аталган. Бердике кийин Таласка келип, кокон бийилигине каршы аттанган. Ушул жортуулунда Бердике баатырды Анжиянда кокон кандыгынын тыңчылары ууланган жебе менен капысынан атып өлтүрүшкөн. Ө.Ж.Осмонов. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). – Бишкек, 2014-ж. 324-б.

[10]Улукбеков Токтомамат-Ойсул, 1954-жылы Ош обласынын, Араван районунун Чөгөмдөгү Турук айылында туулган. Чөгөмдүн "Правда" орто мектебин 1970-жылы аяктап, 1970-1974-жылдары Ош педагогикалык институна физика-математика факультетине кирип, ийгиликтүү бүтүрөт. Институтту бүтүргөндөн кийин Чөгөмдөгү С.Ибраимов атындагы орто мектепке физика, математика мугалими жана мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөөдө.

[2]Эсенбай Мамбет уулу, 1923-ж. Талас районундагы Балбал (8-март) айылында туулган. Алакчындын берен уругунан. Санжырачы катары тарых илимпоздоруна кеңири таанымал. Көзү азиз болгондугуна карабай, эс тутум-жадасы күчтүү инсан болгон. Кыргыз санжырачыларынын сынагында байгелүү орундардын бир канча жолку ээси. 2010-ж. 87 жашында дүйнө салган.

кылымдагы калың мүрзөлөр Чөгөмдө, Тастар-атада, Жолчыракта пайда болушу жана Бердике баатыр жөнүндө маалымат болгон окуядан кабар берет. Жергиликтүү жашоочулардын айтымында: "Чөгөмдө, Жолчыракта Загыра деп аталып калган конуштар "жетим балага" тиешелүү. Баатыр, сөз баккан адам катары улуу сөздөрдү эс-тутумуна сактап, керээзин аялына: "Баатырдын тууганынан душманы көп болот. Кокус, менин көзүмдү душмандар тазалап койсо, үй-жайды тымызын көчүрүп, Чөгөмгө, төркүн-төшүңө жакын кет! Чөгөм жакшы жер, элде оозунда айтылып, уланып келген лакап бар: "Жердин аты Турук, кырк жыл кыямат болсо да үзүлбөйт урук"[12] – деп. "Түндүктөн келген кол башчы баатыр кырк жигитти чалгынга жиберип, чалгындоо мезгилинде тиги жак, бул жак болуп, ал жерде калың чабыш болот. Бердикенин баштаган колу Жолчыракта орун-очок алып калган тоо арасында калмактардын колун толук талкалап, көптөгөн эрдиктери аркасында кыргыздардын уруу башчыларынын башын бириктирип, тоо арасында тиги жерде калды, бул жерде калды деген элдердин айтуусу боюнча калган калмактарга каршы жортуулун байма-бай уюштуруп, түштүк тараптын тоо аймагындагы кыргыздардын жеңишине алып келип, натыйжада, мурдагы жерлерин кайтарып, орун-очок алганга шарт түзүүгө өтө чоң өбөлгө түзгөн жалаң эле баатыр эмес, саясий ишмер да болгон"[13]. Чындыкты канча кылымдан бери чым басып турса дагы, баатырлардын Жолчырактагы мүрзөлөрү, тарых-таржымалды тастыктап дагы деле болсо эл оозунда айтылып келет. Анын ичинде чалгынга барган кырк жигитинин курман болгон жери менен бир канча жоокерлердин калың мөрзөлөрү бар экенине күбө болдук.

"Чалгынга келген кырк жигитти мурдатан билген калмактардын аскаларда жашырынып жаткан жоокерлери, жамгырдай жааткан жебелерине түз жерде каршы атышкан, бирок күч теңдешсиз болгон, кырк жигит курман болушат. Кыргыздын көп колу келип, калмактарды чаап, кол башчы Бердике деген баатыры кыркын тең бир көрүстөнгө койдуртуп, үстүлөрүнө баатырдык белги катары таштардан үйдүртүп койгондуктан, "Кырк жигит мазары" делип, ата-бабалардан бери айтылып келет. Кырк жигиттин урматына корумдалган таштан белги катары үйдүрткөндүктөн, азыр минтип таштарды кынаа басып, чаарала болуп калган. Тегерегиндеги көп мүрзөлөрдүн дөмпөйүп турушу, ошолордон калган мүрзөлөр жана кийинки кошулгандары да бар[14]".

Жолчырактагы жайлаган бир эмес, бир канча кишилерден такталган

---

[12] Аскар Сейитов, 1942-ж. туулган. ОМПИ азыркы ОшМУ 1969-ж. сырттан окуп бүтүрөт. КПССтин мүчөсү, 1983-ж. ОшМУ бүтүрүп, райондук, областык бир канча жетекчилик кызматтарда иштеп 2003-ж. бери ардактуу эс алууда. Санжырачы катары Ноокат жерине таанымал инсан.

[13] Табалдиев Пазыл, 1931-ж. Ош обласынын Кара-Суу районундагы Папан совхозунун Каракур айылында туулган. Тоолуу өрөөндүн сабаттуу санжырачысы катары таанылган карыя. Жашап турган жери Каракур айылы. Билген окуялуу жерлери, чыгышынан атактуу Жолчырак жайлоосу, түндүгүнөн Кожокелең, Мазар, батышынан Чөгөм, Турук айылдары. Алай тоолорунун маанилүү тарыхый жерлерине байланышкан эски тарыхын жакшы билген инсан. Жубайы Лала апа 1936-жылкы. Ушул кезде 2 уул, 6 кыздын ата-энеси. Экөө тең өмүр бою тоолуу өрөөндө жашап келет.

[14]Ниязов Айбаш Насырбай уулу, 1984-ж. Кара-Суу районун Каракур айылында туулган. Билими, атайын орто медицина кызматкери, ФАПта (2005-2007-ж.) фельдшер-дарыгер болуп иштеп, 2007-ж. фермердик ишке өтүп, жубайы Айнура экөө мал чарбачылык багытында эмгектенет. 2 кыз, 1 уулдуу.

кошумча айтымдарында: “Ата-бабалардын элим, жерим деп, бөлөк элдерге жайлоо жеринин бир кадам жер, көк жашыл чөбү менен бир да ташын бастырбоого шерт беришип, бекер жерден курман болушпаган. Бул тоолуу аймакта курман болгондордун баатырдык, эрдиктерин баалашып, оозлорунан түшүрүшпөй, изин суутпай тастыктап айтып келишет. Байыш уруусунан 82 жаштагы Пазыл карыя айтканы боюнча, Ойрот-жунгар баскынчылык доору менен Цин империясы жана Фергана аймагындагы кандыктардын тушунда, кыргыздар сырткы баскынчыларга канча кылымдар бою күрөшүп, туруштук берип келиши аталган кандыктардын кулоо коркунучуна шектенттирген. Бердике баатыр баштаган колдор жортуулдун стратегиялык амалдарын алдын-ала иштеп чыгышкандыктан, калмактарга кол салган убакта, жоонун тигилүү үйлөрү тигилүү бойдон, асылган казаны асылуу бойдон, жайыттагы малдары чачылып, жоокерлери курал-жарактарын таба албай, көйнөк-дамбалчан качкан убактары көп болгону айтылат.

Божомол маалыматтарда Бердике баатыр Маркашканы Үч-Коргондун көпүрөсүнөн өлтүргөн делсе, дагы бир айтымдарда 1750-ж. Чүйдүн Сокулугунун Аксуу деген жерде калмак, кыргыз чабышында жарадар болуп, алган жаракатынан өлгөн делет. Аксы районунун Тегене айылындагы санжырачы Итибаев Сатандын айтуусу боюнча: “Бердике баатыр Маркашканы Аксы жергесиндеги Босбу-Атага бараткан жолдо Ак-Суу айылы бар, ортодо Кара-Суу дарыясы агып өтөт, күн чыгыш жагындагы Көк-Кыяда, Тегене деген жердин этегине аңдып келип жаа менен бөйрөккө атып: “Маркашка, сени атып койдум го жамбашка” деген экен. Баатыр Маркашканын өлүгүн суранган элге калтырып жатып: “Маркашканын сөөгүн нары-бери өткөндөр таш баранга алып өтүшсүн”[15] - деп кете бериптир. “Ошо кезде өткөндөр: “Сенин бизге кылбаганың калбады” дешип, таш бараңга алган болсо, ошол таш бараңга алуу ушу кезге чейин уланууда. Ошодон бери «Маркашканын таш бараң көрсүтөнү»[16] деп аталат. Итибаев Сатан карыя менен Төлөгөн Абасовдун тарыхый чындык маалыматына үндөш, Аксынын Кызыл-Жар айылынын жазуучусу Салибай Шатмановдун ыр түрүндө жазган поэмасы да окуяларды так баяндап турат:

“Аксыда… Тегенин этегинде,
Маркашка деген жер бар эрте күндө.
Калк атап калган экен турган чакта,
Калмактын кандуу, катуу чеңгелинде.
Маркашка – жергиликтүү элге койгон,
Калмактын өз кишиси өкүл болгон.

[15]Итибаев Сатан, 1926-ж. Аксынын Тегене айылыныда туулган. Эмгек жолун чарбанын ар кандай иштеринде улап, 1971-ж. бери КПССтин мүчөсү, 1971-ж. “За трудовое отличие”, 1973-ж. “За трудовую доблесть” медалдары, 1978-ж. “Эмгек кызыл туу ордени” м-н сыйланган, В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейлик төш белгиси, “Ударник 10-й пятилетки” төш белги медаль, сыйлыктарынын ээси.

[16]Төлөгөн Абасов, 1950-жылы Кичи–Акжолдун Райкомол айылында туулган. Азыркы М.Сыдыков атындагы мектепте 40 жылдан ашык убакыттан бери балдарга сабак берип келет. Таланттуу инсан катары бир канча китептин автору, спорттун мастери, обончу, комузчу, акын катары кыргыз элине кеңири таанымал. Үй-бүлөлүү, өмүрлүк жары Дилдекан жогорку билимдүү, физика боюнча мугалими.

Кыргызды кың эттирбей үйрүп–айдап,
Чыкканын чыканакка чаап жолдон.
Бердике берен баштап сан уул колун,
Борунан койдой айдап улуу тоонун,
Эки суу арасына чейин сүрүп,
Кыргыздын азаттыкка ачкан жолун".

Адабияттар:


1. КРПрезидентинин Указы. -2012-ж., 27.01.
2. Закиров С. Кыргыз санжырасы. - Бишкек, 2013. 98-б.
3. Фишер Н.Э. Сибирская история с самого открытия Сибири до завоевания сей земли Российским оружием. -СПб., 1774. 444-б.
4. Бийлибаев К. Жанкороз. Тарыхый романы. –Б.: Гүлчынар, 2010. 65-б.
5. Эр Солтоной. «Эл адабияты» сериясы 16-том. –Бишкек: Шам, 2002. 79-81-б.
6. Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и иследования по его исторической географии. –Б.: Илим, 2001. 430-б.
7. Бартольд В.В. Калмактар. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. -Б., 1997. 128-б.
8. 1755-жылы баатыр кырыгыздарга каршы уюшулган жаңжалын басууга Анжиянга кеткени жөнүндө: "Бердике берен Сырдыбай уулу үч жыл көл боюнда кан болуп туруп, "Кан Бердике" аталган. Бердике кийин Таласка келип, Кокон бийилигине каршы аттанган. Ушул жортуулунда Бердике баатырды Анжиянда Кокон кандыгынын тыңчылары ууланган жебе менен капысынан атып өлтүрүшкөн. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). –Бишкек, 2014. 324-б.
9. Шатманов С. Аксыдан алам ырымды. Тандалмалар. I -том, 110-111-б.